# Кредиттер

*(2014-жылдын 9 айы)*

1-график. Иштеп жатышкан коммерциялык банктардын бир мезгилдин акырына кредиттик карыздарынын динамикасы




2014-жылдын январь-сентябрь айларында валюталык карыз алышуу боюнча пайыздык чендин төмөндөшүнүн алкагында коммерциялык банктардын кредит портфели көбөйгөндүгү байкалган.

Кароого алынып жаткан мезгилдин акырына карата иштеп жаткан коммерциялык банктардын кредит портфелинин көлөмү жыл башынан тартып 34,3 пайызга көбөйүү менен 72,5 млрд сомду түзгөн. Мында, кредит портфелинин сом түрүндө бөлүгү 32,3 млрд сом өлчөмүндө түптөлүп, 29,0 пайызга көбөйгөн. Чет өлкө валютасында кредиттердин көлөмү жыл башынан бери 38,9 пайызга көбөйүү менен сомдук эквивалентте 40,2 млрд түзгөн.

Кредит портфели боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен кароого алынып жаткан мезгилдин акырына карата  17,52 пайызды (-0,02 пайыздык пунктту), улуттук валютада – 19,28 пайызды (-0,03 п.п.), чет өлкө валютасында – 16,10 пайызды (+0,05 п.п.) түзгөн.

Ошону менен бирге эле кароого алынып жаткан мезгил ичинде банк тутумунун кредит портфелинин сапаттуу мүнөздөмөлөрү бир аз жакшы жагына өзгөргөндүгү байкалган. Алсак, мөөнөтүнөн өтүп кеткен карыздын үлүшү кредит портфелинин жалпы көлөмүндө 2,3 пайызды түзгөн, ал эми сандык мааниде туюндурганда мындай кредиттердин көлөмү жыл башынан тартып 5,7 пайызга төмөндөгөн. Мында, кредит портфелинин жалпы көлөмүндө пролонгацияланган кредиттердин салыштырма салмагы 0,2 пайыздык пунктка, 3,4 пайызга чейин жогорулаган.

Көпчүлүк банктардын портфели өз кезегинде айрым тармактарда жогорку концентрациялануу бойдон калган. Алсак, тармактарда банктардын кредит портфелинин концентрацияланышын көрсөтүүчү индекс 0,17 түзгөн, бул көпчүлүк банктардын кредиттеринин айрыкча алты тармак ортосунда бөлүштүрүлүшүн көрсөтөт.

Кредиттөө рыногунун жалпы концентрациялануу көрсөткүчү 0,09 түзгөн, бул рынокту 11 банк ортосунда бөлүштүрүүгө барабар.

Жыл башынан тартып банктардын кредит портфелинин убакыт түзүмүндө узак мөөнөттүү жана кыска мөөнөттүү кредиттердин көлөмдөрү ар тарапка багытталышы белгиленген. Бирок кыска мөөнөттүү (бир жылга чейинки)  кредиттердин салыштырма салмагы 17,0 пайыздан 16,2 пайызга чейин азайган болсо, узак мөөнөттүү кредиттер - 79,8 пайыздан 81,5 пайызга чейин көбөйгөн. Кредит портфелинин мындай түзүмдүк бөлүштүрүлүшү өз кезегинде дюрация көрсөткүчүн 30,4 айга (0,8 ай) чейин көбөйүшүнө алып келген.

2014-жылдын январь-сентябрь айларында  жаңыдан берилген кредиттердин жалпы көлөмү 58,8 млрд сомду түзгөн, бул 2013-жылдын тиешелүү мезгилинде берилген суммадан 39,6 пайызга жогору. Улуттук валютада берилген кредиттер 33,5 пайызга, ал эми чет өлкө валютасында - 44,9 пайызга жогорулаган.

**2-график. Коммерциялык банктар тарабынан бир мезгил ичинде берилген кредиттердин динамикасы**




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде улуттук валютада жаңыдан берилген кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 2013-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырмалуу 19,29 пайызды түзүү менен 1,62 пайыздык пунктка, чет өлкө валютасында - 3,39 пайыздык пунктка, 14,92 пайызга чейин төмөндөгөн.

**3-график. Мөөнөттүүлүк категориясы боюнча улуттук валютада жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин орточо деңгээли**




**4-график. Мөөнөттүүлүк категориясы боюнча чет өлкө валютасында жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин орточо деңгээли**




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде тармактар боюнча улуттук жана чет өлкө валюталарында жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендеринин өзгөрүүсү

ар тараптуу болгон. Мында эң төмөнкү чен боюнча улуттук валютадагы кредиттер даярдоо жана кайра иштетүүгө (бир мезгил ичинде орточо салмактанып алынган пайыздык чен 13,50 пайыз), эң жогорку чен боюнча – керектөө кредиттерине (26,43 пайыз) берилген.

Чет өлкө валютасында кредиттер кыйла жогорку чен боюнча керектөө кредиттерине (орточо салмактанып алынган пайыздык чен 18,85 пайыз), ал эми эң төмөнкү чен боюнча – өнөр жайга (орточо салмактанып алынган пайыздык чен 13,51 пайыз) берилген.